| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мектепте түзүлгөн «Манас жаштары» уюмунун жумалык отурумдарында каралып, тиешелүү чечимдер кабыл алынат.<br>Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү орнотуу максатында “Ишеним почтасы жөнүндөгү” Жобо иштелип чыгып, 2021-жылдын 13-сентябрындагы №1 педагогикалык кеңешмеде талкууланып, бекитилген. Ага ылайык билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелери толук көзөмөлдөнүп, мектепте коопсуз чөйрөнүн түзүлүшүнө аракеттер болууда. | |
| 2.4. | Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Бул багытта гимназияда баалоо индикаторлору иштелип чыккан. Ал боюнча ар бир окуу-тарбия процесстерине катышкан ( педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу - көмөкчү персонал) тараптардын ишмердүүлүгү тынымсыз көзөмөлгө алынып баалоо жүргүзүлүп турат.<br>Мониторинг жана баалоонун жыйынтыгы менен чечимдер кабыл алынат. Чейректтик, жылдык жыйынтыктар женүүчүлөрдү, мыктыларды аныктайт жана аларды сыйлоого, жогорку сыйлыктарга көрсөтүлөт.<br>Мындан сырткары Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдын иши окуу жылын акырында “ Мектептин жыл ичинде аткарылган иштер боюнча жыйынтыгы жана штаттарды комплектилөө” педагогикалык кенештин жана профсоюз уюмунун биргелешкен чогулушунда бааланып, аткарылган иштери боюнча сыйлыкка көрсөтүү жагы сунушталат.<br>Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишмердүүлүгүн баалоо механизми жана жол-жоболору бекитилген жана далилдери бар. Жыл сайын баалоо жүргүзүлөт. Тийиштүү чечимдердин протоколдору бар. Чечимдер бардык категориядагы персоналдын салымын эске алуу менен кабыл алынат. | Баалоо индикатору<br>Баалоонун жыйынтыктары жана анализдери<br>Алкыштардын, сыйлыктардын жана финансылык колдоолордун берилиши.<br>27-тиркеме педагогикалык кенештин жана профсоюз уюмунун биргелешкен чогулушунун токтому тиркелет |